кийинки урпактар үчүн улуу сабак. Улуу бабабыз өз чыгармасы аркылуу макрокосмос менен микрокосмостун данакери, айың менен күнүңдүн ширөөсүнөн бүткөн улуу инсан катары улуу турмуш жолунда саякаты улана берет. Анткени, ал өткөн менен келечектин шайкештигин данакерлеген даанышман ойчул - деп өз оюн билдирип өткөн [3].

**Жыйынтык**

Глобалдык көйгөйлөр - жер бетиндеги эң курч, турмуштук маанилүү, дүйнөлүк жана жалпы адамзаттык маселелердин жыйындысы экендиги белгиленген. Глобалдык көйгөйлөрдү бүтүндөй жашоо аралыгындагы изилдөө жана аларды илимий жактан негизделген усулдар менен чечүү зарыл экендиги белгиленген. Эл аралык саясаттын негизги милдеттери жана аны чечүү жолдоруна мисалдар келтирилген. Көйгөйлөрдү чечүүнүн негизинде адамзаттын жашоо стратегиясы, элдердин цивилизациялык өнүгүүсүн жаңы чектерине алып баруусу жана дүйнөлүк саясаттын өзгөчө милдеттерин иштеп чыгуу жолдору көрсөтүлгөн.

**Адабияттар тизмеси:**


1. Саясат таануу: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби.- Б., 2012. 240 б. 13-бет
2. Европейская конвенция о правах человека и Европейская социальная хартия: право и практика / [Текст]. – М.: Издательство Московского независимого института международного права, 1998. – С. 225- 227.
3. **Баласагын Ж.** Куттуу билим: Дастан [Текст] / Байыркы түрк тилинен которгон Т.Козубеков; Сүрөтчүсү А. Акматов.- Москва, 1993.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.425

Поступила в редакцию: 22.04.2024 г.

**УДК 347.965**

***Джоробекова А.М.***
*д.ю.н., профессор ВАК Кыргызской Республики*
***Абдикерим к. Г.***
*к.ю.н., доцент Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Көкөева А.М.***
*д.ю.н., проф. Кыргызско-Узбек. Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## АДВОКАТУРА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ СОЦИАЛДЫК ИНСТИТУТ КАТАРЫ

*Бул жумушта изилдөө предмети болуп Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жараяны эсептелинет. Изилдөөнүн максаты - адвокаттардын ишинин функцияларын жана принциптерин аныктоо, ченемдик укуктук базаны талдоо, адвокатураны социалдык институт катары көз карандысыздыгын тастыктоо. Изилдөөлөрдө Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө мыйзамдарын талдоо методдору колдонулган. Адвокатура көз карандысыз социалдык институт катары каралып, азыркы коомдогу анын ролу аналитикалык изилдөөлөргө алынган. Адвокаттардын ишинин функцияларын жана принциптерин аныктаган ченемдик укуктук базалар талдоого алынган, алардын социалдык институт катары көз карандысыздыгына басым жасалган. Жарандардын укуктарын камсыз кылууда жана сот адилеттигинин принциптерин сактоодо адвокаттардын ролуна өзгөчө көңүл бурулуусу керек экендиги белгиленген. Адвокаттардын ишмердүүлүгүнүн ченемдик укуктук базасы, алардын укук коргоо органдары менен өз ара мамилелери, ошондой эле адвокаттык кесиптин көз карандысыздыгына таасир этүүчү аспектилер талданган. Жүргүзүлгөн талдоолор адвокатуранын укук тутумдагы ролун түшүнүүнү кеңейтүүгө жана бул жаатта мындан аркы изилдөөлөр үчүн негиз түзүүгө багытталгандыгы көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр****: адвокат; адвокаттык ишмердүүлүк; адам укуктарын коргоо; кардар; укук коргоо ишмердүүлүгү; укук коргоо органы.*

## АДВОКАТУРА КАК НЕЗАВИСИМЫЙ СОЦИАЛЬНЫЙ ИНСТИТУТ

*Предметом исследования в данной работе является адвокатура Кыргызской Республики и процесс адвокатской деятельности. Цель исследования - выявление функций и принципов работы адвокатов, анализ нормативной правовой базы, подтверждение независимости адвокатуры как социального института. В исследованиях использованы методы анализа законодательства Кыргызской Республики об адвокатуре и адвокатской деятельности. Расмотрена роль адвокатуры как независимого социального института в современном обществе и были проведены аналитические исследования. Проанализированы нормативные правовые базы, определяющие функции и принципы деятельности адвокатов, сделан акцент на их самостоятельность, как социального института. Отмечено, что особое внимание следует уделить роли адвокатов в обеспечении прав граждан и соблюдении принципов правосудия. Проанализирована нормативная правовая база деятельности адвокатов, их взаимоотношения с правоохранительными органами, а также аспекты, влияющие на независимость адвокатской профессии. Проведенный анализ показал, что результаты исследований направлены на расширение понимания роли адвокатуры в правовой системе и создание основы для дальнейших исследований в этой области.*

***Ключевые слова:*** *адвокат; адвокатская деятельность; защита прав человека; клиент; правоохранительная деятельность; правоохранительный орган.*

## ADVOCACY AS AN INDEPENDENT SOCIAL INSTITUTION

*The subject of research in this work is the legal profession of the Kyrgyz Republic and the process of advocacy. The purpose of the study is to identify the functions and principles of the work of lawyers, analyze the regulatory legal framework, and confirm the independence of the bar as a social institution. The research uses methods of analyzing the legislation of the Kyrgyz Republic on advocacy and advocacy. The role of the bar as an independent social institution in modern society was examined and analytical studies were conducted. The normative legal bases defining the functions and principles of the activity of lawyers are analyzed, emphasis is placed on their independence as a social institution. It was noted that special attention should be paid to the role of lawyers in ensuring the rights of citizens and observing the principles of justice. The article analyzes the regulatory legal framework for the activities of lawyers, their relationship with law enforcement agencies, as well as aspects affecting the independence of the legal profession. The analysis showed that the research results are aimed at expanding the understanding of the role of advocacy in the legal system and creating a basis for further research in this area.*

***Key words:*** *lawyer; advocacy; protection of human rights; client; law enforcement; law enforcement agency.*

Адвокатура, адвокаттардын кесипкөй жамааты катары, адатта укук коргоо органдарынан жана бийлик органдарынан көз карандысыз деп эсептелет. Адвокаттар өз кардарларынын кызыкчылыктарын сотто жана андан тышкары териштирүүдө, алардын укуктарын жана кызыкчылыктарын мыйзам чегинде коргошот.

Адвокатуранын көз карандысыздыгынын негизги принциптерине төмөнкүлөр кирет:

- Мамлекеттен көз карандысыздык: Адвокаттар укук коргоо органдарынын курамына кирбейт жана аларга баш ийбейт. Алар мамлекеттин атынан эмес, кардарларынын атынан иш алып барышат.

- Артыкчылык статусу: Адвокаттар өз милдеттерин эркин аткарууга жана кардарларынын кызыкчылыктарын коргоого мүмкүндүк берген белгилүү бир артыкчылыктарга жана иммунитеттерге ээ.

- Маалыматтын купуялуулугу: Адвокаттар өз кардарлары тарабынан берилген маалыматтардын купуялуулугун сактоого милдеттүү, бул адвокат менен кардар ортосунда ишенимдүү мамиле түзүүгө жардам берет.

Адвокатура укук коргоо органдарынан көз карандысыз болгонуна карабастан, адвокаттар алар менен сот адилеттигинин ишке ашыруу процессинде, мисалы, иш боюнча

маалымат берүү же сотто алардын кардарларынын өкүлү катары өз ара аракеттениши мүмкүн. Бирок бул процессте алардын ролу бийликтен көз карандысыз бойдон калат.

"Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө" мыйзамнын 2-беренесине ылайык" [1] адвокатура жарандык коом институтунун бир бөлүгү болуп саналат, бирок ал укук коргоо органы эмес, укук коргоо уюмуна таандык. Анын маанилүү функциялары жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын коргоону уюштуруу болуп саналат, «адам укуктарын коргоо» түшүнүгү «укук коргоо органы» түшүнүгүнө караганда кыйла тар жана укук бузулган учурда гана кабыл алынат. «Укуктук коргоо органы» ар дайым ишке ашырылат жана укуктарды коргоо боюнча жана бузулган учурда мамлекет тарабынан жүргүзүлүүчү чаралардын комплексин камтыйт.

Адвокат юридикалык кесиптин мүчөсү катары ыйгарым укуктарга ээ эмес, ал принципиалдуу түрдө башка негизде иш алып барат. Адвокаттын негизги функцияларынын бири адам укуктарын коргоо: ал коргоочу, б.а. коргойт. Адвокаттык коргоо тергөө жана сот иштеринде өзгөчө каталарды болтурбоо үчүн зарыл: жазык жоопкерчилигине тартуу, күнөөсүз адамды айыптоо жана соттоо, же күнөөлүү адамды иш жүзүндө жасагандан да оор кылмыш үчүн жоопкерчиликти караган мыйзам боюнча соттотуу; же өтө катуу жаза колдонуу, ошондой эле жана башка учурларда.

Мындай каталар кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруучу жооптуу же көзөмөлдөөгө ыйгарым укуктары бар кызмат адамдарынын жана органдары тарабынан кетирилген болуп саналат. Жактоочунун милдети компетенттүү кызмат адамдарынын көңүлүн өзүнүн өтүнүчтөрү, даттануулары, каршы пикирлери жана түшүндүрмөлөрү менен кетирилген тергөө жана соттук каталарга буруу жана аларды четтетүүнү талап кылуу болуп саналат.

Адвокаттар өз өтүнүчтөрүндө милиция кызматкерлери же тергөөчүлөр тарабынан мыйзамды одоно бузууларга көңүл буруу менен белгилүү бир иш боюнча каталарды жоюуга гана эмес, укук коргоо органдарынын иш стилин жакшыртууга да жардам беришет.

Айыпталуучунун жактоочусун ийгиликтүү тандоо жана ишке ашыруу көбүнесе адвокаттын кесиптик чеберчилигинен, анын иш материалдарын талдоо, сурак жүргүзүү, эксперттерге суроолорду түзө алуу жөндөмүнөн көз каранды. Жактоочунун карамагында айыптоочу тарап менен талашып-тартышуу үчүн ар кандай каражаттар бар.

Көз карандысыздык - ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүктүн шарттарынын бири болуп саналат. Бул адвокаттардын ишинин эң мүнөздүү жагы. Көз карандысыздык – бул адвокаттын ишинин эффективдүү жагы жана милдети.

Адвокат толугу менен өз алдынча аракеттенүүгө милдеттүү, ал сырттан, өзгөчө мамлекеттин жана башка тышкы таасирлерден, өзгөчө өзүнүн жеке кызыкчылыктарынан ар кандай кысымдардан эркин болууга тийиш [2]. Адвокат өзү коргогон тараптардын же коргогон адамдын эркине баш ийет, бирок ага карабастан ал кардардын эмес, мыйзамдын кызыкчылыгын коргошу керек.

Адвокат физикалык, руханий жана каржылык жактан көз карандысыз болушу керек. Юридикалык практика адвокатты жетиштүү жашоо каражаттары менен камсыз кылууга тийиш. Эгерде бул каражаттар жетишсиз болсо, анын көз карандысыздыгы бузулат.

Кээде көз карандысыздыкты сактоо өзгөчө татаал айрыкча экономикалык кыйынчылык учурунда кардар үчүн туура келбеген кеңештерди берүү өтө кыйын болушу мүмкүн, анткени анын натыйжасында адвокат ал кардарын жоготуп алуу коркунучу бар.

Адатта, адвокат кардардын өзүн-өзү күнөөлөгөндүгүн аныктаса же ынанса, кардардын көрсөтмөлөрүн аткарууга макул болот же баш тарта алат. Адвокат, өзүнүн пикири боюнча

эмнени туура деп эсептесе, ошонун негизинде чечип,кызмат көрсөтөбү же жокпу, өзүнүн моралдык жана интеллектуалдык көз карандысыздыгын коргошу керек.

Ал ошондой эле ар кандай иште коргоону кабыл албашы мүмкүн, бирок эгерде ал коргоону кабыл алган болсо, анда ал эч кандай баскычта жана кандайдыр бир себептер менен коргоодон баш тартууга укугу жок. Бирок, бул укугун ишке ашырууда адилетсиз жыйынтыкка жол бербөө үчүн ал өзүнүн кардары башка юридикалык жардамдын булагын тез арада табышын камсыз кылууга милдеттүү.

Кыргызстан катышуучу болгон, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (2-берене) [3] жана Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо боюнча Европа конвенциясында (13-берене) [4], мамлекеттин жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын натыйжалуу коргоону камсыз кылуу милдети каралган.

Кепилденген квалификациялуу юридикалык жардам Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекемделген [5], мындай жардамга ар бир адамдын укугу «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» [6] Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган.

Мындай жардам камактагыларга мамиле кылуунун минималдуу стандарттык эрежелери (93-п) жана камактагы же эркинен ажыратуудагы бардык адамдарды коргоо принциптеринин жыйындысы (17 жана 18-принциптер) менен жөнгө салынат [7].

Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясында 53/144 резолюциясы менен катышуучу мамлекеттер, анын ичинде Кыргыз Республикасы, белгилүү адамдардын, коомдун топторунун жана органдарынын укуктары жана милдеттери жөнүндө, жалпы таанылган адамдын укуктарын жана негизги эркиндиктерин кеңейтүү жана коргоо боюнча Декларацияны кабыл алышты [8].

Адвокаттын көз карандысыздыгынын укуктук кепилдиктери көбүнесе адвокатка, адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо боюнча Европа конвенциясында, ЕККУда, БУУнун документтеринде жана мамлекеттердин мыйзамдын тийиштүү процессин сактоо зарылчылыгы жөнүндө Социалдык укуктардын Европалык хартиясы, кепилденген адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин активдүү коргоого мүмкүндүк берет.

Бул эл аралык келишимдердин бардыгы, адам укуктарынын белгилүү кепилдиктерин түзөт жана тиешелүү соттук процедураларда, башкаруу органдары же башка мамлекеттик органдар тарабынан кыянатчылыктарды жана каталарды болтурбоо үчүн зарыл болгон чараларды камсыз кылат. Мындай тартипте корголгондор БУУ тарабынан кабыл алынган Кылмыштуулуктун алдын алуу жана укук бузуучуларга мамиле кылуу, боюнча адвокаттардын принциптеринде бекитилген жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргогон адвокаттардын көз карандысыздыгын камсыз кылуу боюнча милдеттерди камтыйт [9].

Бул документте сот адилеттигинин негизги принциптерин сактоону камсыз кылуу максатында сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын, анын ичинде жактоочунун көз карандысыздыгынын зарыл кепилдиктеринин көлөмүн формулировкалайт. Мамлекеттин бул милдетти аткаруусу жарандык коом институттарынын өнүгүү деңгээлин жана бүтүндөй өлкөнүн демократиясынын жетилгендигин аныктайт [10].

Жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыз кылуу боюнча мамлекеттин милдети, өлкөнүн Конституциясынын статьяларынын жоболорунан келип чыгат, жана жактоочунун көз карандысыздыгынын кепилдиктери жөнүндө тиешелүү мыйзамдарды кабыл алуу менен ишке ашырылат. «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14 жана 29-беренелерине ылайык [1].

Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо боюнча Европа конвенциясында кепилденген адвокаттын көз карандысыздыгынын даражасы, адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин активдүү коргоого мүмкүндүк берет, адвокат жарандардын квалификациялуу юридикалык жардам алууга конституциялык укугун ишке ашыруу менен, өз кардарларынын укуктарын жана эркиндиктерин соттук жана башка мекемелерде коргоого умтулушат. Мында гуманизм принциби колдонулат.

Заманбап юридикалык практика көз карандысыз юристтин, анын ичинде адвокаттын кесиптик укук коргоо ишмердигине байланыштуу кысымдан, шантаждан, коркутуудан жана куугунтуктан анын эркин ишмердүүлүгүнүн зарылдыгын далилдейт. Көз карандысыз адвокаттар тарабынан жүзөгө ашырылуучу коргоо мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу гана, тараптардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын, эркиндиктерин жана укуктарын, коргоого мүмкүндүк берери белгиленген.

Адвокат өзүнүн функцияларын аткаруусу жана соттук талаш-тартышта пайдалуу болушу үчүн, адам укуктарын коргоонун «эркин институту» катары, мамлекет бардык күчү менен анын көз карандысыздык кепилдигин, анын ичинде жеке коопсуздук кепилдиктерин берүүгө, ошондой эле адвокаттык кесиптин принциптерин сактоо милдеттүү.

Ар бир адвокаттын жана бүтүндөй адвокаттык кесиптин милдети сотко жардам берүү эмес, юридикалык жардам сурап кайрылган адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо. Бирок мындай ишмердүүлүк объективдүү түрдө сот адилеттигинин алдында турган милдеттерди ишке ашырууга көмөктөшөт. Адвокат- «соттун жардамчысы» эмес, ал өзүнүн кардарынын кызыкчылыгын бардык мыйзамдуу жолдор менен коргоого милдеттүү болгон кызматчысы. Кардарга "соттун жардамчысы" боло турган адвокаттын кереги жок. Мындан тышкары, адвокат өкүмгө же соттун башка чечимине даттанууда сот менен талашууга чакырылат. Адвокатуранын ишмердүүлүгү объективдүү түрдө мыйзамдуулукту чыңдоого өбөлгө түзөт. Бирок адвокатка конкреттүү кардардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо менен байланышпаган, мыйзамдуулукту бекемдөө милдети коюлушу мүмкүн эмес [11].

Илимий чөйрөдө адвокатура укук коргоо органы деген катуу пикирлер да бар [12], бирок укук коргоо ишмердүүлүгүнүн аныктамасын талдап көрсөк, адвокатура укук коргоо органдарынын функцияларынын бир бөлүгүн гана аткарат.

Укук коргоо органдары – мамлекеттик ишмердүүлүктүн бир түрү, укук тартибинин мыйзамдуулугун камсыз кылуу, мамлекеттин, коомдук жана башка жарандык бирикмелеринин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, атайын ыйгарым укуктуу органдар тарабынан мыйзамга ылайык, жана ал тарабынан белгиленген тартипти так сактоо менен мыйзамдуу таасир көрсөтүү чараларын колдонуу аркылуу кылмыштарга жана башка укук бузууларга каршы күрөшөт.

Укук коргоочулар – жалгыз же коомдук бирикмелер менен бирге адам укуктарын тынчтык жолу менен коргогон адамдар же уюмдар. Укук коргоочу башкалардын укугун коргогону менен айырмаланат, анын кандай кесипте экени маанилүү эмес. Укук коргоочулар бардык адам укуктарынын универсалдуулугун жана бөлүнгүсдүгүн коргошот. Алар бир топтогу укуктарга артыкчылык берүү менен экинчисине зыян келтирүүнү көздөшпөйт .

Ошентип, адвокатура мамлекеттик органдардын системасына кирбеген өз алдынча коомдук институт болуп саналат жана укук коргоо органы катары классификацияланышы керек. Адам укуктарын коргоо органдары илим тарабынан аз изилденген жаңы институт.

Квалификациялуу юридикалык жардам – бул мыйзамдын жөнөкөй түшүндүрмөсү эмес, өзүнүн кардарынын кызыкчылыгы үчүн өтүнүчтөрдү жана арыздарды жазуу. Бул криминалдык элементтер менен гана эмес, кээде коррупциялашкан мамлекеттик чиновниктер менен да кагылышууларды камтыган, бир жагынан мамлекеттик органдар тарабынан оппонентке өз эркин таңуулоо, ал эми экинчи жагынан укук коргоо ишмердүүлүгүн өз алдынча көзкарандысыз жүргүзүү максатындагы түйшүктүү иш.

**Жыйынтыктар:**

1. Адвокатура көз карандысыз социалдык институт катары каралып, азыркы коомдогу анын ролу аналитикалык изилдөөлөргө алынган. Адвокаттардын ишмердүүлүгүнүн функцияларын жана принциптерин аныктаган ченемдик укуктук базалар талдоого алынган, алардын социалдык институт катары көз карандысыздыгына басым жасалган;
2. Жарандардын укуктарын камсыз кылууда жана сот адилеттигинин принциптерин сактоодо адвокаттардын ролуна өзгөчө көңүл бурулуусу керек экендиги белгиленген. Адвокаттардын ишмердүүлүгүнүн ченемдик укуктук базасы, алардын укук коргоо органдары менен өз ара мамилелери, ошондой эле адвокаттык кесиптин көз карандысыздыгына таасир этүүчү аспектилер талданган;
3. Жүргүзүлгөн талдоолор адвокатуранын укук тутумдагы ролун түшүнүүнү кеңейтүүгө жана бул жаатта мындан аркы изилдөөлөр үчүн негиз түзүүгө багытталгандыгы көрсөтүлгөн.

**Адабияттар тизмеси:**


1. Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 14-июлундагы № 135 “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” Мыйзамы // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/205356
2. **Абдикерим, к. Г.** Чет мамлекеттерде медиация тажрыйбасын жайылтууда адвокаттардын ролу [Текст] / Г. Абдикерим к. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.- Бишкек,2020.- № 2.- С.204-207.
3. Международный Пакт о гражданских и политических правах. //https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml
4. Европейская конвенция о защите прав человека и основных свобод. // https://www.coe.int/ru/web/compass/the-european-convention-on-human-rights-and-its-protocols
5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. - Бишкек, 2021.
6. Закон Кыргызской Республики от 16 декабря 2016 года № 201 «О гарантированной государством юридической помощи» //http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111480
7. Свод принципов защиты всех лиц, подвергаемых задержанию или заключению в какой бы то ни было форм. // https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/detent.shtml
8. Резолюция Генеральной Ассамблеи ООН от 9 декабря 1998 г. N 53/144 "Декларация о праве и обязанности отдельных лиц, групп и органов общества поощрять и защищать общепризнанные права человека и основные свободы". // https: //base.garant.ru/2565418/
9. Основные принципы, касающиеся роли юристов. Приняты восьмым Конгрессом ООН по предупреждению преступности и обращению с правонарушителями, Гавана, Куба, 27 августа — 7 сентября 1990 года. // https: //pravorub.ru/personal/8964.html
10. **Джоробекова, А.М.** Отдел по поддержке семьи и детей как государственный орган в осуществлении правосудия по делам несовершеннолетних [Текст] / А.М.Джоробекова // Известия Вузов.- Бишкек, 2009.-№ 7.- С.204-207.
11. **Волков, В.** Как гарантировать квалифицированную юридическую помощь? [Текст] / В.Волков, А.Подольный // Российская юстиция. - М.: Юрид. лит., 2000. - № 9. - 38 с.
12. **Дмитриев, Ю.А.** Правоохранительные органы Российской Федерации [Текст]: учебник / Ю.А. Дмитриев, М.А. Шапкин.– Москва, 2007. – 318 с.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.426

Поступила в редакцию: 24.04.2024 г.